**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**ФИЛОСОФИЯ ЖАНА САЯСИЙ – УКУКТУК ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ**

**Д. 09.11.027 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

**Кол жазма укугунда**

**УДК: 165.9 (575.2) (043.3)**

**АБЖАЛОВ ТУРСУНМАМАТ**

# КАЛЫГУЛДУН ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНА ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ

**09.00.03 – философиянын тарыхы**

**Философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек – 2012**

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун Философиянын тарыхы бөлүмүндө аткарылган.

**Илимий жетекчиси:** философия илимдеринин доктору, профессор **МУКАСОВ Ысманалы Мукасович**

**Расмий оппоненттер:** философия илимдеринин доктору, профессор **САРАЛАЕВ Нур Керимкулович**
философия илимдеринин кандидаты, доцент **АЛЫМКУЛОВ Замирбек Аманбекович**

**Жетектөөчү мекеме:** М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин философия жана социалдык – гуманитардык илимдер кафедрасы. Дареги: Бишкек шаары, Тоголок Молдо к., 58.

Диссертациялык иш 2012-жылдын 15-июнунда саат 12.00 дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун алдындагы философия илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды жана культурология боюнча кандидаттык диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д. 09.11.027 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот (720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а).

Автореферат 2012-жылдын 14-майында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, философия
илимдеринин кандидаты Акматова Н. С.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу**. Өнүгүүнүн диалектикасы бардык процесстерде жана кубулуштарда, алардын ичинен руханий байлыкта кабылдоочулукту шарттап турат. Өз учурунда бул өткөндүн социалдык тажрыйбаларын муундан-муунга өткөрүү аркылуу руханий маданияттын байланыштарын, интеллектуалдык өнүгүүнү камсыз кылган объективдүү көрүнүш болуп саналат. Мындай жагдай кыргыз элинин өткөн мезгилдеги руханий, интеллектуалдык ишмердүүлүгүнүн жетишкендиктерин жалпылоону жана пайдаланууну да өз ичине камтыйт.

Азыркы күндө өткөндөгү прогрессивдүү мурастарга карата болгон кызыгуулар артып, аларды иликтеп, учурдун талабына ылайык кабыл алууну жогорку деңгээлде уюштуруу үчүн толук мүмкүнчүлүктөр түзүлүп отурат. Ушуга байланыштуу, жакында Кыргыз Республикасынын Президенти А. Атамбаевдин “Кыргызстандын элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп-үйрөнүүнү тереңдетүү жана жарандык атуулдукту калыптандыруу боюнча чаралар жөнүндө” аттуу өтө маанилүү жарлыгы чыкты. Анда мындай деп баса белгиленет: “Кыргызстанды прогрессивдүү демократиялык өнүктүрүү максатында жарандык бирдейликтин, өлкөнүн биримдигин жана маданий көп түрдүүлүгүн сактоо үчүн жарандардын биргелешкен жоопкерчилигинин негизинде коомду баш коштуруу зарыл. Бул милдетти чечүү кыргызстандыктарда тарыхты урматтоо, өткөнү менен сыймыктануу, элдин руханий жана маданий дөөлөттөрүн билүү жана аздектөө сезимин тарбиялоосуз мүмкүн эмес” [Эркин Тоо.-2012.-31 янв.- 4 б].

Мына ушул жагдайга байланыштуу Калыгулдун дүйнө таанымын изилдөө бүгүнкү күндөгү кыргыз философиясынын актуалдуу проблемаларынын бири болуп саналат. Белгилүү окумуштуулар С. Мусаев менен А. Акматалиев бул жөнүндө мындай деп жазышат: “Калыгулду сөздүн толук маанисинде кыргыздардан чыккан философ деп атоого болбосо да, анын мурастарын ири алды философиялык категориялардын принциптерине ылайык талдоого алуу жөндүү болоор эле. Бул багытта иштеле турган орчундуу иш-аракеттер али алдыда деп үмүт кылалы” [Акылман Калыгул.- Бишкек, 2000.-176 б].

Акындын мурасын философиялык багытта кароо, анын көз карашындагы позитивдүү аспектилерди гана аныктабастан, ошондой эле XIX кылымдагы кыргыз элинин философиялык ойломунун өнүгүүсүн жалпылоого көмөк түзөт. Себеби Калыгул өз доорунун мезгилине жараша прогрессивдүү ой жүгүртө алган. Ал - коомдук-саясий адеп-ахлактык, философиялык гуманисттик, агартуучулук, диндик тематикалардагы ырларды жараткан акын. Анын чыгармачылыгы айрыкча коомдук турмушту туура таанып билүүгө, нерселер менен кубулуштардын мыйзам ченемдүүлүктөрүн туура баамдоого адамды багыттаган терең ойлорго, толгонууларга жана маңыздуу тыянактарга бай. Калыгул XIX кылымдагы

коомдук турмуштун ар кыл жагдайларынан келип чыккан татаал суроолорго көп учурда объективдүү жооп берген.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар, илимий мекемелер тарабынан өткөрүлгөн илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы**. Диссертациянын темасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын тармактык программасына жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Калыгулдун натурфилософиялык, саясий-социалдык, этикалык жана эстетикалык идеяларын концептуалдуу талдоо диссертациялык иштин негизги максаты болуп саналат.

Белгиленген максатка ылайык төмөндөгү милдеттер коюлду:

- заманчыл-акындардын чыгармалары боюнча жазылган филологиялык жана философиялык багыттагы эмгектерди кароонун негизинде чечиле элек маселелерди аныктоо;
- көркөм чыгармачылыктын философиялык маңызын ачып көрсөтүү;
-заманчыл-акындардын социалдык-философиялык көз караштарын аныктаган негизги жагдайларга баа берүү;
- Калыгулдун социалдык-саясий ойлорун иликтөө;
- акындын этикалык көз карашын изилдөө;
- акылмандын чыгармаларындагы эстетикалык баалуулуктарды талдоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**. Калыгулдун дүйнө таанымына алгачкы жолу концептуалдуу тарыхый-философиялык талдоонун жүргүзүлүшү диссертациялык иштин илимий жаңылыгы болуп саналат. Тактап айтканда, эмгекте:

- заманчыл-акындардын чыгармалары боюнча жазылган филологиялык жана философиялык багыттагы эмгектерди кароонун негизинде чечиле элек маселелер такталды;
- көркөм чыгармачылыктын философиялык ойломдогу ээлеген орду аныкталды;
- заманчыл-акындардын социалдык-философиялык көз караштарын аныктаган негизги жагдайларга Кыргызстандын XIX кылымдагы тарыхына байланыштуу материалдардын негизинде баа берилди;
- Калыгулдун социалдык-саясий ойлорунун табияты жана мааниси иликтенди;
- акындын этикалык көз карашы ар тараптуу изилденди;
-акылмандын чыгармаларындагы эстетикалык нуктагы ойлор талдоодон өттү.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси**. Диссертациялык иштин негизги теориялык жоболорун XIX кылымдагы кыргыз элинин философиялык ойлорун мындан аркы изилдөөдө, алардын өзгөчөлүгүн терең түшүнүүдө жана өнүгүшүнүн негизги аспектилерин

аныктоодо, жалпы эле рухий баалуулуктардын ырааттуулугундагы рационалдуу ойлорду ачып көрсөтүүдө кеңири колдонууга болот.

Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын руханий жашоосунун азыркы кездеги мазмунун, багытын байытууга, окуу-билим процессине, үгүттөө-жайылтуу ишмердүүлүккө жана жаш муундарды тарбиялоого өз салымын кошмокчу.

Иштин материалдарын, анын теориялык жоболорун жана методологиялык жыйынтыктарын республиканын жогорку окуу жайларындагы аспиранттарга жана студенттерге философиянын тарыхы, маданият таануу, педагогика, этика жана эстетика боюнча лекцияларды окууда, семинарларды өтүүдө кеңири пайдаланса болот.

**Коргоого сунуш кылынган негизги жоболор**. Калыгулдун философиялык ойлоруна концептуалдуу тарыхый-философиялык талдоо диссертациянын төмөнкү жоболорун белгилөөгө мүмкүнчүлүк берет:

– заманчыл – акындардын дүйнө таанымын изилдөөдө адабият таануу илиминин өкүлдөрүнүн эмгектери чоң салым кошкон. Аларда Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч жана Молдо Нияздын философиялык багыттагы ойлорун изилдөө үчүн баалуу материалдар, керектүү фактылар топтолгон. Ал эми акындардын чыгармаларын тарыхый-философииялык жактан талдоо боюнча маанилүү иштер да аткарылган. Бирок бул эмгектерде айрым акындардын дүйнө таанымы толук кандуу изилдөөдөн өткөн эмес. Алардын бири акылман Калыгулдун философиялык ойлору;

– философиялык көз караш ар дайым бирдиктүү системада, логикалык-методологиялык формада гана берилбестен, айрым учурда жаратылыш менен коомдун кубулуштарын руханий практикалык таанып-билүү нугунда да берилет. Көркөм адабияттагы философиялык ойлор буга ачык күбө. Нукура көркөм чыгармалар демейде философиялык мазмунга бай келет, нагыз талант философиялык ой толгоолорго жакын, ынак болот;

–улутубуздун жашоо тажрыйбасынын квинтэссенциясы, топтолгон элдик бай мурастары - биз үчүн көөнөргүс рухий дөөлөт. Андай дөөлөттөр тутуму көбүнчө ойчулдук, көрөгөчтүк, чечендик жана сынчылдык ишмердүүлүктөр аркылуу философиялык көз караштардын синкретин калыптап келген. Кыргыз акындары элдик рухий асылдыктарды өздөрүнүн чыгармаларына топтоо менен, өз мезгилдеринин маданий феноменин түзө алышкан. Алар чыгармачылык аркылуу философиялык ойломубузга көрөңгөлүү салым кошушкан;

–Калыгул табияттын жана коомдун кубулуштарын, бөтөнчө XIX кылымда кыргыз коому башынан кечирген тарыхый окуялардын себеп-натыйжасын негизинен объективдүү билип-түшүнүүгө жана жыйынтык чыгарууга аракет жасаган. Акындын философиялык ой-пикири илимий-теориялык концепциялар формасында эмес, көркөм чыгарма каражаты аркылуу берилүүчү практикалык мааниге ээ. Акылмандын онтологиялык-гносеологиялык натурфилософиялык маанайдагы дүйнө түшүнүмдөрү анын коомдогу реалдуулукту туура өздөштүрүшүнө идеялык база болгон;

–даанышмандын этикалык багыттагы ойлору бардык учурда ыраттуу мүнөздө болгон эмес. Алар көбүнчө диний түскө ээ болуп, моралдык категориялардын так системасын өзүнө камтыган мораль жөнүндө бир бүтүн максаттуу окууну элестете албайт. Ошого карабастан акындын этикалык көз карашынын борборунда адам проблемасы турат. Ал адамдардын ким экендигин жана моралдык сапаттарын аныктай турган материалдык шарттарды ачып берүүгө аракет жасоо менен, адамдардын жүрүм-туруму алардын турмуш-жагдайларына, коомдогу социалдык-саясий абалдарына жараша болоорун белгилеген;

–акындын эстетикалык кабылдоосунда жаратылыштын коохдугу менен адамдын сулуулугунун ортосундагы эквиваленттүүлүк жатат. Ал табигаттын көркөмдүүлүгүн, жаратылыштын миң түркүн кубулуштарын образдуу кабыл алуу менен, аларды адамдын сулуулугун сүрөттөөдө эстетикалык үлгү катары пайдаланган.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Калыгулдун натурфилософиялык, саясий-социалдык, этикалык жана эстетикалык идеяларын концептуалдуу тарыхый-философиялык талдоонун негизинде келип чыккан диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары жана жоболору акындын дүйнө таанымын изилдөөгө кошкон изденүүчүнүн жеке салымы болуп эсептелет.

**Диссертациянын апробацияланышы**. Изилдөөнүн негизги жоболору жана тыянактары “Проблемы и перспективы развития педагогического образования в современных условиях” (Бишкек, 1997), “Гуманитарные проблемы современности” (Бишкек, 2011), “Современное духовно-нравственное состояние Кыргызстана: проблемы и пути их решения” (Ош, 2011) аттуу темада өткөн республикалык илимий-теориялык конференциялардын материалдарында, 9 илимий макалада, анын ичинен “Современность: мир мнений: философский альманах” (Алматы, 2011) илимий журналында чагылдырылган. Ошондой эле изилдөөнүн илимий жыйынтыктары философия, тарых боюнча А. Ж. Мырзабеков атындагы Ош гуманитардык–педагогикалык институтунун студенттерине окулган лекцияларда жана өткөрүлгөн семинарларда (1994-2012) апробацияланган.

Диссертация Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын Философия жана гуманитардык илимдер кафедрасынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Философия жана саясий-укуктук изилдөөлөр институтунун Философиянын тарыхы бөлүмүнүн кеңейтилген жыйындарында талкууланып, коргоого сунушталган.

**Публикацияларда диссертациянын чагылдырылышынын жыйынтыктарынын толук берилиши**. Диссертациянын негизги жыйынтыктарына жана тыянактарына байланыштуу жазылган 9 макала атайын илимий журналдарда жана жыйнактарда жарык көргөн.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Иштин структурасы изилдөөнүн негизги максаттарына жана милдеттерине ылайыкталган. Диссертация киришүүдөн, үч главадан, корутундудан жана пайдаланылган

адабияттардын тизмесинен турат. Эмгектин жалпы көлөмү -165 б. Пайдаланылган адабияттардын саны -124.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, диссертациянын темасынын ири илимий программалар, илимий мекемелер тарабынан өткөрүлгөн илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы, изилдөөнүн максаты, милдеттери жана илимий жаңылыгы, алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси, коргоого сунуш кылынган негизги жоболор, изденүүчүнүн жеке салымы, иштин апробацияланышы, публикацияларда диссертациянын чагылдырылышынын жыйынтыктарынын толук берилиши, эмгектин структурасы жана көлөмү чагылдырылган.

**“Заманчыл-акындардын мурастарын изилдөөдөгү илимий концепциялар”** аттуу биринчи главада заманчыл-акындардын чыгармалары боюнча жазылган филологиялык жана философиялык багыттагы эмгектерди талдоонун негизинде чечиле элек маселелер аныкталган.

Белгилүү болгондой, XX кылымдын 40-жылдарынын аягында заманчыл-акындардын адабий мурастарын изилдөө боюнча алгачкы, биздин оюбузча, өтө баалуу илимий эмгектер жазылган. Бул мезгилде Т. Саманчин, Дж. Шукуров, М. Богданова, У. Джакишевдин эмгектери жаралып, аларда Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтын өмүрү жана чыгармачылык ишмердүүлүктөрү адабий аспектте каралган. Деген менен, заманчыл-акындардын чыгармачылыгы боюнча Т. Саманчин тарабынан жазылган эмгектер өзүлөрүнүн материалдык талдоо, жалпылоо, теориялык деңгээли боюнча акындар чыгармачылыгын изилдөөнүн башатында туруп, алиге чейин өзүлөрүнүн маанисин жоготкон жок.

Ал эми акындар поэзиясындагы социалдык-философиялык ойлорду изилдөө маселеси ушуга удаа эле XX кылымдын экинчи жарымынан тартып колго алына баштаган. Бул багытта А. Алтмышбаев, А. Давлеткелдиев жана М. Джунусовдор кыргыз философиясынын тарыхын изилдөөнүн алгачкы баштоочулары катары өздөрүнүн илимий эмгектеринде элибиздин коомдук турмушундагы рухий-философиялык маселелерди изилдөөнүн зарылчылыгына көңүл бурушкан. Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Барпы Алыкуловдун коомдук-саясий көз караштарын, философиялык ойлорун иликтешкен. Мында заманчыл-акындардын чыгармачылыктары дагы философиялык талдоонун объектисине айланып, Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылычтар реакциячыл акындар, ал эми Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо алдыңкы, демократчыл акындар деп жасалма түрүндө бөлүнүп, кыргыз коомунда маңызы жагынан бири-бирине карама-каршы келген эки идеология болгон деген тыянак жаралган.

Заманчыл-акындардын мурастарын изилдөөгө арналган мына ушундай илимий эмгектер кийинчерээк, 50-60-жылдары Калыгул, Арстанбек, бөтөнчө Молдо Кылычтын чыгармаларынын тегерегинде болгон талкуулардын

жүрүшүнүн негизги себептери болуп калган. Талкууларга катышкан ошол кездеги көрүнүктүү илимпоздор, акындар, жазуучулар, партиялык жана мамлекеттик ишмерлер өздөрүнүн көз караштары боюнча экиге бөлүнүшкөн. Булардын айрымдары Молдо Кылычты эскини эңсеген, орустардын келишине каршы чыккан, диний-реакциячыл акын, ошондуктан анын чыгармаларын жарыкка чыгарууга болбойт деген бүтүмгө келишсе, ал эми экинчилери, Молдо Кылычтын социалдык-саясий көз карашындагы кээ бир чектөөлөрдү келтирүү менен аны жалпы жонунан өз доорунун таланттуу, реалист акыны катары далилдешип, тандалган чыгармаларын жарыкка чыгарууну сунуш кылышкан.

Бирок бул талкуулардын чыныгы жыйынтыгы эске алынбай, ошол мезгилдеги өкүм сүргөн буйрукчул, авторитардык бийликтин кесепетинен Молдо Кылыч бир беткей реакциячыл акын аталып, чыгармаларынын жарык көрүүсүнө жол берилбей, алардын негизинде жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөр жасалма түрүндө токтотулган. Ал эми Молдо Кылычтын чыгармачылыгын изилдөөгө жигердүү салым кошкон окумуштуу Т. Саманчинге XX кылымдын 50-жылдарында эскичил акындарды, замана идеясын идеялизациялаган адабиятчы катары саясий күнөө тагылып, репрессияга учурашы адабият таануу илиминин туура багытта өнүгүшүнө чоң кедерги болгондугу ачуу чындык.

Ошондой болсо да, бул мезгилде заманчыл-акындардын дүйнөгө, коомго болгон көз караштарына байланыштуу жалпы жонунан объективдүү жазылган эмгектердин жаралгандыгын танууга болбойт. Бул жагдай философ-окумуштуулардын эмгектерин да өзүнө камтыйт. Алсак, кыргыз элинин философиялык, коомдук-саясий ой-пикирлерин изилдөөгө көп жумуш өтөгөн, көрүнүктүү окумуштуу Б. Аманалиев өзүнүн эмгектеринде заманчыл-акындардын дүйнө таанымына туура баа берүүгө далалат кылган.

Сөз жок, XX кылымдын 90-жылдарынан башталган өлкөбүздүн социалдык-экономикалык, руханий жашоосундагы орчундуу өзгөрүүлөр тарыхтын “актай тактарына” болгон мамилени өзгөртүүнү, аларга бир жактуу жана өтө эле жөнөкөйлөштүрүп баа берүүдөн арылууну, мунун ичинен заманчыл-акындардын мурастарын азыркы күндүн кызыкчылыгына ылайыкташкан методологиялык принциптин негизинде объективдүү изилдөөнү шарттаган эле. Мунун жыйынтыгында, элибиздин өткөндөгү маданий-адабий мурастарына, анын ичинде “замана поэзиясына” тарыхый-объективдүү мамиле кылуу маселеси олуттуу коюлду. Бир кезде эскичил, реакциячыл, байчыл аталып, иликтөө ишинен четтелип келген Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылычка карата баа берүү критерийи жаңыланды. Бул багытта заманчыл-акындардын чыгармачылыгын, идеялык-эстетикалык көз караштарын тарыхый-адабияттык аспектиде караган эмгектер жарык көрдү. Аларга А. Эркебаевдин, А. Акматалиевдин, К. Асаналиевдин, С. Мусаевдин, Б. Кебекованын, О. Соороновдун, А. Обозкановдун, С. Байгазиевдин изилдөөлөрүн жана Н. Бегалиеванын “Арстанбектин чыгармачылыгындагы эл тагдыры жана доор маселесинин көркөм

чагылдырылышы”, Ш. Искендерованын “Молдо Кылычтын чыгармамчылыгы жана иликтөө тарыхы”, Г. Жээнбаевдин “Молдо Нияздын акындык чеберчилиги” аттуу кандидаттык диссертацияларын кийирсек болот. Буларда Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч жана Молдо Нияздын мурастарын системалуу талдоого алуу, өмүрлөрү жана чыгармачылыктарына байланышкан фактылык жана адабий материалдарды жалпылоо, чыгармаларынын жанрдык-тематикалык курамын иликтөө, идеялык багытын аныктоо, алардын чыгармачылыктарын өзүлөрү жашаган доордун контекстинде кароо, б.а. чыгармаларын жараткан конкреттүү тарыхый-коомдук шарттарды эске алуу менен алардын акындык, личностук мүнөзүн ачуу маселелери көтөрүлгөн.

Албетте, кийинки кездерде эгемендүүлүктүн шартында кыргыздардын социалдык-философиялык ойлоо тарыхын изилдөөдө методологиялык проблемаларды чечүүнүн жаңыча ыкмалары ишке аша баштады. Андай багытты философиялык ойлоонун коммуникациялык байланышы, мурастаануучулук идеялар жана алардын кайра жаралышы, философиялык изилдөөлөрдүн жалпы гуманитардык проблемалар менен комплекстешкен жагдайларын түзүүдө. Мунун натыйжасында заманчыл-акындардын чыгармачылыгын тарыхый-философиялык аспектиде изилдөө иштери жүргүзүлө баштады. Буга А. Ч. Какеевдин, Т. А. Аскаровдун, Ы. М. Мукасовдун, Ж. Ж. Жаныбековдун, А. А. Бекбоевдин, О. К. Козубаевдин, А. Д. Донoнбаевдин, М. К. Абдылдаевдин, Г. Т. Ботокованын, А. С. Кулманбетованын, Р. Дж.Эргешбаеванын жана О. С. Акматовдун илимий эмгектерин кошсок болот. Мындай жагдай аталган окумуштуулардын тарыхый-эпистемологиялык изилдөөлөрүндөгү социалдык – рухий, этикалык –эстетикалык багыттагы философиялык рефлекциялар заманчыл-акындардын дүйнө таанымын иликтөөдө негиз болушу менен түшүндүрүлөт.

Башкача айтканда, Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч жана Молдо Нияздын чыгармаларын тарыхый философиялык жактан талдоо боюнча маанилүү иштер аткарылды. Акындардын дүйнө таанымынын айрым аспектилери жана алардын кыргыз элинин социалдык-философиялык ойлорунун өнүгүшүнө кошкон салымдары объективдүү иликтенди. Бирок бул эмгектерде Калыгул, Арстанбек сыяктуу акылман акындарыбыздын мурастарындагы терең философиялык ойлор өз алдынча диссертациялык деңгээлде изилденген эмес. Башкача айтканда, кыргыз элинин философиялык ой-чабытынын өнүгүү контекстинде Калыгул, Арстанбектин философиялык жана коомдук-саясий көз караштары терең жана ар тараптуу илимий кароодон өтө элек. Деген менен, акындардын чыгармалары ааламдын, коомдун кубулуштарын туура аңдап билүүгө багытталган терең ойлорго өзгөчө бай. Демек, бул проблема кечиктирилгис тарыхый-философиялык изилдөөнүн объектисине айланышы керек.

**“Көркөм чыгармачылыкты тарыхый-философиялык таризде талдоонун методологиялык негиздери”** аттуу экинчи главада изилдөөнүн методологиялык негиздери, көркөм чыгармачылыктын философиялык

маңызы жана заманчыл-акындардын социалдык-философиялык көз караштарын аныктаган жагдайлар каралган.

**“Көркөм чыгармачылыктагы философиялык ойлор”** аттуу биринчи параграфта көркөм адабиятта чагылдырылган философиялык ойлор методологиялык багытта ачылган.

Белгилүү болгондой, жаратылыштын жана коомдун кубулуштарына болгон көз караштарын адамдар ар кандай ыкмалар менен билдиришкен. Философиялык ойлорду көркөм адабият аркылуу билдирүү ошондой ыкмалардын бири болуп эсептелет. Ушундан улам көркөм адабиятты философиялык талдоого алуу ар бир тарыхый мезгилдеги философиялык аң-сезимдин мүнөзүн терең түшүнүүгө, коомдогу философиялык ойломдун функциясынын өзгөчөлүгүн аныктоого жана анын социалдык жашоодогу ролун ачып берүүгө жардам берет.

Өзүнүн философиялык ишмердүүлүгүндөй эле адабиятка да көп иш өтөгөн ойчулдарды философия тарыхы ачык күбөлөйт. Маселен, антик ойчулдарына жаратылыш менен коомдун көрүнүштөрүн көркөм ой-толгоодон өткөрүү жана поэтиканын тили аркылуу берүү көнүмүш адат болгон. Гесиод, Демокрит, Феогнид сыяктуу акылмандар өзүлөрүнүн этикалык көз караштарын терең маңыздуу ырларда чагылдырышкан. Ал эми Эмпедокл, Парменид, Ксенофан сыяктуу философтор өзүлөрүнүн табигый – илимий көз караштарын жаратылыш жөнүндөгү поэмаларда камтышкан. Ошондой эле Платондун, Аристотелдин, Лукрецийдин поэмалары поэзия менен философиянын тыгыз байланышын ачык күбөлөйт.

Орто кылымдагы Чыгыш акындары өзүлөрүнүн философиялык ой толгоолорун билдирүүдө поэтикалык ыкмаларды кенен колдонушкан. Буга Аль-Фарабинин, Жусуп Баласагындын, Абдурахман Жаминин, Алишер Навоинин философиялык маңызга жык толгон чыгармалары ачык далил. Акын – ойчулдардын чыгармаларында табият кубулуштары, коом жана адамдын турмушу, акыл-эс жана адамдардын адеп-ахлактуулугу тууралуу ой-жүгүртүүлөр кенен камтылган. Аларга чыныгы дүйнөнүн ар кандай процесстеринин жана кубулуштарынын маңызын түшүнүүгө жасалган аракет, адамзат акыл-эсин баалоо, маданияттын жана билим берүүнүн жетишкендиктерин кадырлоо, теорияны практика менен байланыштыруу жана өз доорундагы коомго мүнөздүү социалдык проблемаларды чечүүнүн жолдорун рационалдуу негиздөө мүнөздүү.

Орто кылымдарда орус элинин философиясы жеке эле диний маңыздагы проблемалар менен гана чектелбестен, ошондой эле дүйнөгө болгон реалисттик багыттагы ойлор менен, этикалык багыттагы объективдүү идеялар менен толукталган. Башкача айтканда, адабият менен философиянын байланышы эч качан үзүлгөн эмес.

Ал эми кайра жаралуу доорунда Эразм Роттердамский, Франческа Петрарка, Франсуа Рабле адабият менен катар философияда да көрүнүктүү из калтырышкан. Белгилүү эссеист Эразмдын адабий чыгармаларынын философиялык аспектилери өтө маанилүү болгон. Кайсы жанрдын үстүнөн

иштебесин, анын алдында учурдун көптөгөн чечиле элек ары татаал, ары маңыздуу проблемалары турган.

XVIII кылымдагы Вольтердин, Руссонун, Дидронун чыгармалары көркөм талант менен оригиналдуу философиялык көз караштардын терең айкалышы жана жуурулушу. Алардын романдарында философиялык багыттагы маанилүү проблемалар, дүйнөгө болгон жаңыча түшүнүүлөр чагылдырылган. Ойчулдар (өзгөчө Дидро) философиянын негизги суроосун чечүүдө Берклинин субъективдүү идеализмин четке кагышкан жана табигый илимдердин негизинде материяны объективдүү реалдуулук катары көрсөткөн концепция кийирүүгө аракет кылышкан. Мында алар материянын бөлүнгүс атрибуттары катары кыймылды, убакыттагы түбөлүктүүлүктү жана мейкиндиктеги чексиздикти эсептешкен.

Философия менен адабияттын тыгыз байланышына немецтик классикалык философия менен немецтик романтикалык агымдын өз ара аракеттенүүсү ачык күбө. Мисалы Лессинг менен Гете үчүн философиялык проблемалар ар дайым алардын руханий изденүүлөрүнүн борборунда болгон.

XIX кылымдын экинчи жарымындагы Россиянын көркөм адабиятында философиялык мүнөздөгү көз караштар көбүрөөк кездеше баштаган. Алсак, Ф. Достоевский менен Л. Толстойдун көркөм мурастары дүйнө таануучулук маанидеги проблемаларга өтө бай. Алардын чыгармаларынын дээрлик баардыгында бирдиктүү системага салынбаган философиялык маанидеги ойлор көтөрүлгөн. Ал эми В. В. Соловьевдун, П. А. Флоренскийдин, Н. Бердяевдин философиялык эмгектеринде адабиятка байланыштуу материалдар басымдуулук кылат.

Өткөн кылымдагы философиялык ойлордун көркөм адабият аркылуу берилишинин ачык көрүнүшү катары француздук экзистенциализимди атасак болот. Анткени белгилүү философ-экзистенциалисттер бир эле мезгилде чыгаан жазуучу, драматург жана публицисттик вазыйпаны аткарышкан. Маселен Ж. П. Сартрдын, А. Камюнун философиялык көз караштарын кароодо алардын адабий чыгармаларынан кыя өтө албайсың.

Дегенибиз менен, философиялык ойлордун көркөм чыгармалар аркылуу берилиши Ч. Айтматовдун повесттеринде, романдарында таасын байкалат. Анын чыгармаларындагы философиялык ойлордо жаратылыш менен коомдук көрүнүштөр жекеликтен жалпылыкка өтүү, төмөндөн жогору, жөнөкөйдөн татаалды карай өнүккөн процесс катары элестелет. Жазуучунун эң алгачкы чыгармаларында жеке адамдын тагдыры, анын коом менен болгон мамилеси, сүйүү, турмушта өз ордун, позициясын татыктуу табууга умтулуу сыяктуу идеялар басымдуу абалды ээлесе, соңку чыгармаларында жалпы адамзаттын келечеги, планетардык маанидеги проблемалар (экологиялык, рухий баалулуктарды сактоо, космосту өздөштүрүү), глобализациянын суроолору көтөрүлөт.

Ошентип, адабият философиялык көрүнүштөрдүн бири болуп саналат, анткени аны философиялык изденүүлөр ар дайым коштоп жүрөт. Ошондуктан көркөм сөздөгү чагылдырылган философиялык ойлор

изденүүчүгө адам дүйнөсүн, коомдун жана жаратылыш кубулуштарын түрдүү аспектилерден кароого мүмкүнчүлүк берет. Албетте, көркөм адабиятта дүйнө таануучулук идеялар үстүнкү катмарда, ачык түрдө берилбейт, тескерисинче, анын түпкүрүндө жашырылып берилгендиктен изденүүчү көркөм адабияттагы дүйнө таануучулук жана методологиялык аспектилерди көркөмдүктөн чеберчиликте ажырата билүүсү керек. Анткени адабият реалдуу көрүнүштөрдү көркөм тил менен берет.

Кыргыз элинин XX кылымдын башына чейинки философиялык ойлорун изилдөөдө, алар ириде көркөм адабият аркылуу берилгендигин жана лирикалык-поэтикалык аң-сезим менен жуурулушуп кеткендигин эске алуу керек. Бул этапта философиялык ойлор, дүйнө таануучулук проблемалар этикалык аң-сезим, диний-мифологиялык жана болмушка болгон көркөм мамиле менен мүнөздөлөт. Мында кыргыз элинин философиялык ойлому бирдиктүү философиялык системага, дифференциялык теоретикалык философиялык билимге ээ болгон эмес. Ал дүйнөнү түшүнүүнүн, көбүн эсе, руханий-практикалык жолунда өнүккөн.

**“Заманчыл-акындардын социалдык-философиялык көз караштарын аныктаган жагдайлар**” аттуу экинчи параграфта заманчыл-акындардын дүйнө таанымынын калыптанышына жана өнүгүшүнө таасир берген факторлор ачылып көрсөтүлөт.

Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Молдо Кылыч Шамыркан уулу өздөрүнүн коомдук-чыгармачыл ишмердүүлүктөрү аркылуу рухий казынабызга, философиялык ойломубузга көрөңгөлүү салым кошушкан. Турмуш тажрыйбасы жана андан келип чыккан түшүнүктөр бара-бара бул акындарды айлана-чөйрөнүн кубулуштарын стихиялуу түрдө кабыл алууга, адам турмушундагы айрым социалдык–этикалык маселелерди түшүнө билүүгө алып келген. Алар турмуштун, жаратылыштын кубулуштарына идеядан улам барышкан эмес, тескерисинче, кубулуштарды баалоо аркылуу айрым философиялык, коомдук-саясий жоболорго багыт алышкан.

Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылычтын философиялык ой-пикирлерин туура түшүнүп баа берүү үчүн ириде алар жашаган тарыхый мезгилдеги Кыргызстанда болгон экономикалык, саясий жана маданий өзгөрүүлөргө токтолууга туура келет. Анткени бул өзгөрүүлөр заманчыл-акындардын коомдук көз караштарын, дүйнө таанымдарын аныктаган негизги фактор болуп эсептелет.

Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылычтын сүргөн доору патриархалдык-феодалдык түзүлүштөн Россия империясынын колониялык саясатынын таасиринде калыптанган жаңы коомдук мамилелер системасына өтүү мезгилине туш келген. Бул процесс социоэкономикалык укладдардын көп түрдүүлүгү, татаал жана кооптуу геосаясий кырдаалдардын, ага жараша антагонисттик идеялардын (диний, этникалык) өкүм сүрүшү, жалпы этномаданий (социопсихологиялык, нравалык, гуманисттик) кризистин курчушу менен мүнөздөлөт.

XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы кыргыз коомунун социалдык-экономикалык, саясий жана маданий абалы жетишээрлик татаал болгон. XIX кылымдын экинчи жарымында Кыргызстан Россиянын курамына өткөн. Аталган тарыхый окуяны бир тараптуу баалоо мүмкүн эмес. Себеби колониялык саясат бир жагынан реакциячыл, басып алуучулук мүнөзгө ээ болсо, ал эми экинчи жагынан өзүнүн айрым саясий, социалдык-экономикалык, маданий натыйжалары менен Кыргызстанда белгилүү бир өлчөмдө прогрессивдүү мааниге ээ болгон. Бул көрүнүштү биз, акын - заманчылардын коомдук көз караштарын, этикалык жана эстетикалык ой-толгоолорун илимий талдоодо сөзсүз эске алышыбыз керек. Анткени акындардын дүйнө таанымы мына ушул жогоруда аталган жагдайдын түздөн-түз туундусу.

Заманчыл-акындардын дүйнө таанымдарына туура баа бериш үчүн кийинки жагдайды белгилөө өтө маанилүү. Белгилүү болгондой, дин - коомдук көрүнүш катары адам баласынын айлана-чөйрөнүн, жаратылыштын жана коомдук кубулуштардын сырларын түшүнүүгө жасаган аракетинин негизинде мифтен кийин пайда болгон коомдук аң-сезимдин бир формасы. Дин жалпы эле адамзатты тынчсыздандырып келген татаал маселелерден, коомдо жүрүп жаткан процесстерден таптакыр эле бөлүнүп кетпегени тарыхтан белгилүү. Жашоодогу муктаждыктар ар дайым диндин иш-аракеттеринин ажырагыс бир компоненти болуп келген. Динде иллюзиялуу, фантастикалуу ойлор менен катар эле, адамдардын таламдары да өзгөчө формада туюнтулган. Диндин аксиологиялык, психологиялык, коммуникативдик, интегративдик, дүйнө таануучулук өңдүү функцияларынын баары белгилүү тарыхый доордо позитивдүү элементтерге ээ болушкан.

Ушундан улам төмөнкү ойду айтууга туура келет. Инсан катары исламдык идеология өкүм сүрүп турган мезгилдин шартында калыптанып мусулман дининин духунда тарбия көргөн Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылыч өз мезгилиндеги коомдогу терс көрүнүштөрдү уруулук моралдын негизинен эле эмес, диний өңүттөн да катуу сынга алышкан.

Жалпы эле кыргыз акындарынын, анын ичинде заманчыл-акындардын дүйнө таанымына туура баа бериш үчүн дагы бир жагдайды эске алуу керек. Белгилүү болгондой, өткөн учурда үстөмдүк кылган идеологиянын арышын арттыруу максатында акындарды жасалма түрдө демократ жана реакциячыл акындарга бөлүшкөн. Мындай субъективдүү бөлүштүрүүнүн натыйжасында айрым акындардын мурастары көкөлөтүлүп мактalса, ал эми айрымдарыныкы объективдүү баага ээ болбой, жалаң сынга кабылган. Демократ – акындар менен заманчыл – акындардын чыгармаларынын маңызын бири-бирине карама-каршы коюу күч алган.

**“Калыгулдун дүйнө таанымынын негизги аспектилери”** аттуу үчүнчү главада Калыгулдун социалдык-саясий көз карашы, этикалык идеялары жана анын чыгармаларындагы эстетикалык баалуулуктар талдоого алынган.

**“Калыгулдун социалдык-саясий көз карашы”** деп аталган биринчи параграфта акындын протофилософиялык багыттагы идеялары, коомдук, саясий жана диний көз карашы изилденген.

Калыгулдун мурасы философиялык көз караштардын синкретин калыптаган. Мында аалам диалектикасы, табият кубулуштары, социожаратылыштык экосистема, социосаясий мамилелер, адамдык жашоо маңыз, өмүр менен өлүм, жакшылык менен жамандык, табигыйлуулук сыяктуу философиялык түшүнүктөр камтылган.

Акындын көз карашындагы коомдук, этикалык жана эстетикалык ойлордун негизин акындын протофилософиялык багыттагы идеялары түзөт. Мында ал сырткы дүйнөнүн реалдуулугун жашоонун, болмуштун баштапкы жөндөмү катары кабылдайт. Бирок сырткы объектилердин реалдуулугун Калыгул өзүнө теорияны камтыган философиялык көз караштан эмес, күнүмдүк аң-сезимдин аспектисинен чагылдырат. Акындын дүйнө таанымы, дүйнө туюму нукура философиялык тастыкты эмес, көркөм поэтикалык эмоционалдуулукту аныктайт.

Ушундан улам Калыгулдун чыгармаларында “дүйнө” деген түшүнүк өтө кеңири кездешет. Акын метафизикалык көз караштын туткунунан чыгып кете албаса да, дүйнөнү объективдүү өңүттөн мүнөздөөгө аракет кылат. Акындын көз карашында бул түшүнүк “жаратылыш”, “өмүр” деген өңдүү толук образдуу көз караштар жана өтө кеңири түшүнүктөр менен тектеш, байланышта болуп, өзүнүн түпкү маңызы боюнча өтө зор мааниге ээ. Акындын дүйнө таануучулук системасында “дүйнө” бөтөнчө сырткы, табигый жана социалдык чындыкты туюнткан түшүнүк. Ал өзүнө бүтүндөй эле чындыкты камтыган, эч кимди шектендирбеген, талаш туудурбаган жалпы түшүнүк.

Калыгулдун чыгармаларында дүйнө түзүлүштүн картинасы, негизинен, объективдүү түрдө көрсөтүлүп, чыныгы дүйнө ар кандай иллюзиялуу жол менен түшүндүрүлбөй, өзү кандай болсо, так ошондой кабылданат. Анда жер, суу, аба, от адамдардын жашоосу үчүн эң зарыл болгон негиздер катары бааланат. Акын табият менен адамдын өз ара биримдиги, гармониясы жөнүндө белгилөө менен, алардын өз алдынчалуулугу тууралуу да ойлорду айткан. Ал ар кандай кубулуштардын себептерин сырттан эмес, табияттын жана коомдун өзүнөн издейт.

Калыгул гносеология жагдайында да өз мезгили үчүн кыйла алгылыктуу болгон ойлорду көтөргөн. Мында ал акылман катары дүйнө тааным процессинде акыл-эстин ролун бөтөнчө белгилейт. Табият менен коомдун кубулуштарын акырындап аңдап-билүүнүн натыйжасында гана адам анын маңызына жете түшүнөт деп ырдайт. Башкача айтканда, Калыгул үчүн акыл-эс бул жеке адамдын негизги баалуулугу, адамдардын жашоосун ансыз элестетүүгө мүмкүн эмес, адамдын өзүнүн маңызы анын акыл-эсинде. Адамзат кабылдоого жана түшүнүүгө болбой турган табиятта нерселер жана кубулуштар жокко эсе.

Калыгулдун пикирине ылайык, чындыкты таанып-билген адам жогорку жетишкендиктерге ээ болот. Таанып-билүүнүн бардык түрү адамды курчап турган дүйнө менен байланыштыруучу ишмердик болуп саналат. Ал эми жемиштүү ишмердикти бербеген таанып-билүүнүн элементтери жалган болуп эсептелет. Адамды жалган түшүнүктөгү адат башкарбастан, таанып-билинген рационалдуу мотивдер башкарышы керек. Акын байыркы грек философтору сыяктуу чындыкты жашоодогу бардык жакшылыкка теңеген жана жүрүш-турушту акылга баш ийдирип, бакубат жашоого чакырган.

Калыгулдун чыгармачылыгындагы эң маанилүү өзгөчөлүк акылмандын эл менен ажырагыс байланышта болуп, анын кызыкчылыгына кызмат өтөгөндүгү. Акындын ырларында патриархалдык-феодалдык коомдун оң жана терс жактары, социалдык адилетсиздикке каршы наазарычылыктар, адилеттүү жашоого умтулуулар чагылдырылган.

Анын социалдык-саясий көз карашы өзүнүн конкреттүүлүгү, объективдүүлүгү, эскиден калган патриархалдык мамилелерди жоюуга умтулуусу менен айырмаланат. Акын карапайым элдин кызыкчылыгын ар тараптуу колдогон. Ушундан улам анын чыгармаларындагы социалдык-саясий ойлордун өзөгүн кедей-кембагалдардын оор абалы, келечек ой-тилектери, мүдөөсү түзгөн.

Калыгулдун социалдык-саясий идеялары – турмуштук тажрыйбанын натыйжасы. Ал өзүнүн алгачкы чыгармаларынан баштап эле ошол кездеги кыргыз коомундагы үстөмдүк кылган тапты сындап, анын карапайым элге жасаган тескери аракеттерин ашкерелеген поэзиясын жаратууга аракеттенген. Анын ушундай аракетинин натыйжасында келип чыккан социалдык-саясий көз карашы жөнөкөй адамдардын социалдык-саясий көз караштарынан айырмаланып, жашоо-турмуштун карама-каршылыктары менен толукталып, прогрессивдүү багыттагы ой-толгоолор, жыйынтыктар чеберчиликте берилет.

Калыгулдун социалдык-саясий көз карашында XIX кылымда жашаган кыргыз элинин коомдук психологиясынын маанилүү жактары орун алган. Албетте, жашоонун индивидуалдуу өзгөчөлүктөрү, көз караштын калыптанышынын чындыкты чагылдыруусуна белгилүү деңгээлде из калтырган, бирок анын өз замандаштарынын көз карашына, дүйнө таанымына караганда, коомдук кубулуштарды түшүнүүсү бир канча жогору турган.

Заманчыл-акындын көркөм-аналитикалык түзүүлөрү активдүү чабуулчу мүнөзгө ээ болгон. Ал социалдык теңсиздикти, ошондой эле теңсиздикти жаратуучуларды, б.а. жеке пайданы көздөгөн байларды ашкерелеген. Калыгул үчүн бай-манап коомдогу жөн эле патологиялык көрүнүш эмес, анын бүткүл турпаты, максаты карапайым адамга каршы бурулган, адилетсиз тап. Байлардын кызыкчылыгы өз кызыкчылык менен чектелип, жалпы коомдук кызыкчылыкка коошпойт. Акындын мындай көз карашы узак убакыт бою калыптанган социалдык жана идеологиялык стереотиптер менен кескин ажырымда болгон.

Кыргыз элинин көпчүлүк акындарынан айырмаланып, Калыгулдун социалдык-саясий пикирлери турмуштун контрасттары менен толукталып, ой чабыттары философиялык багытта чеберчилик менен ырдалат. Акын өзүнүн чыгармаларында антогонисттик коомдун көрүнүштөрүн конкреттүү кыргыз калкынын турмуш-тиричилигиндеги фактыларды чеберчилик менен кеңири колдоонун негизинде түшүндүрөт.

XIX кылымда кыргыз этносистемасында бөлүнүп-жарылуулар, бытырандылыктар, нравалык тескери кубулуштар өкүм сүргөн. Акын мындай кырдаалды социомаданий кризис катары кабылдаган. Акылмандын чыгармачылык идеяларында уруулук бөлүнүп-жарылуу жамандыктын тамыры катарында эсептелинет. Анын социопозитивдүү идеяларынын феноменин коомдук биримдик, тилектештик, элдик патриоттуулук, улуттук ойгонуу ар-намыс сыяктуу рухий баалуу сапаттар түзгөн. Андай сезимдерди калыптоодо акын этномаданий баалуу салттарды мурастоого, чыгыштын бир кылка маданий өнүгүүсүн үлгү тутууга, этикалык баалуулуктарга таянууга чакырган.

Калыгул коомдогу боло турган өзгөрүштөрдү алдын ала көрө билүү менен улуттук аң-сезимди ойготууга аракет кылган. Ал жердештерине көп кылымдар бою түптөлүп келген адат менен салттарды сактоо менен, өткөнгө аяр мамиле жасоону, келечекке өткөн чак аркылуу умтулууну сунуш кылган. Бул - түшүнүктүү абал. Анткени адам баласы доордун өзгөрүлүү мезгилинде, жаңы менен эскинин, жакшылык менен жамандыктын, адептүүлүк менен адепсиздиктин карама-каршы келген учурунда өзүнүн суроолоруна жоопту көбүнчө өткөндөн издейт. Тарыхый эс-тутум, адат менен салттарды билүү адамды чыныгы адам кылат. Өз тарыхын билбеген адамда өзүн-өзү таануу болбойт.

Калыгулдун ырларында кыргыз орус мамилесине байланыштуу жалаң эле тескери ойлор айтылган эмес. Акын бир жагынан падышачылык Россиянын колониялдык саясаты ишке ашырган айрым иш чараларды сындап, кыргыз коомунан улам алыстаган өткөн мезгилдин жакшы жактарын сактап калууну талап кылган. Экинчи жагынан ойчул келгин орустардын жергиликтүү элге кийирген мыкты эмгек көнүмдөрүн, экономикалык жаңылыктарын, маданий жетишкендиктерин адилет баалаган.

Калыгулдун социалдык-саясий көз карашында, өзгөчө анын адеп-ахлактык ойлорунда дин маанилүү орунду ээлеген. Исламдык идеология өкүм сүрүп турган шартта акын диний ишенимдеги адам катары ошол тарыхый мезгилдеги кыргыз коомундагы социалдык теңсиздикти уруулук моралдын өңүтүнөн эле эмес, диний өңүттөн да сынга алган.

**“Калыгулдун этикалык идеялары”** аттуу экинчи параграфта акындын нравалык-этикалык көз карашынын негизги тенденциялары иликтенген.

Калыгулдун нравалык-этикалык көз карашы философиялык ойлорунун өзөгүн түзөт. Анын ар бир чыгармасынан адеп-ахлакка байланыштуу маселелерди жолуктурууга болот. Адамдардын ар кандай кылык-

жоруктарына моралдык жактан баа берүүдө, өзүнө чейинки кыргыз элинин руханий байлыгында түптөлгөн нравалык-этикалык көз караштарды андан ары улантууда жана өнүктүрүүдө акындын ролу өтө зор.

Коомдогу өкүм сүргөн айрым терс көрүнүштөр Калыгулдун диний-этикалык көз карашына өзүнүн изин калтырган. Диний идеология үстөмдүк кылып турган шартта жүрүм-турумдун жалпы адамзаттык эрежелери, негизинен, диний формада болгону табигый көрүнүш. Ошону менен бирге Калыгул адамдардын жүрүм-туруму, алардын моралдык турпаттары алардын жашоо мүнөзүнө жараша күндөлүк иш-аракеттеринин негизинде калыптанаарына жана өнүгөөрүнө көзү жеткен.

Калыгул бүтүндөй эле моралдык нормаларды жалпылаган “жамандык” жана “жакшылык” түшүнүктөрүн мүнөздөөгө жана алардын өз ара диалектикалык байланышын көрсөтүүгө аракет кылган. Акындын ой жүгүртүүсүнө ылайык жакшылык – бул жеткилең, көтөрүңкү, оң маанидеги көрүнүш, ал эми жамандык – терс маанидеги көрүнүш. Адам жаман же жакшы, адилетсиз же адилеттүү болуп төрөлбөйт. Бул сапаттар социалдык чөйрөнүн таасири астында пайда болот.

Калыгулдун чыгармаларында жакшылык түшүнүгү адилеттүүлүк идеясы менен өтө тыгыз байланышкан. Мында жакшы адам адилеттүүлүктүн эрежелерине ылайык иш кылат, анткени адилеттүүлүктүн өзү жыргалчылык. Ошол себептүү ал кошумча кадыр-баркты күтпөйт жана жамандык иштерди жасоого батынбайт, бул анын табиятына жат көрүнүш. Адилеттүүлүк – бул эң жогорку баалуулук, бийик адеп-ахлактык сапаттарга: адамгерчиликке, боорукерликке, кең пейилдикке, көз караштагы туруктуулукка ээ болуу. Ушундан улам адилеттүүлүк түшүнүгү адеп-ахлактуулукка шайкеш келген кеңири мааниге ээ болот. Адилеттүүлүк гумандуулукту өз ичине камтыган бардык жакшылыктардын эң мыктысы.

Калыгулдун этикалык баалуулуктарында жакшылык акыл жана билим менен байланыштырылып, аларга адептик жашоодо өзгөчө маани берилет. Ал эми жамандык түркөйлүк менен коштолоору далилдүү сүрөттөлөт. Акындын көз карашында акылдуулук адамдын жашоо-турмушундагы эң ири жетишкендиктердин бири. Башкача айтканда, адам акыл-эстин натыйжасында гана адам болгон.

Калыгулдун этикалык көз карашында адамдардын эмгекке карата аң-сезимдүү мамилеси орчундуу орунду ээлейт. Бул мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анткени эмгек – жашоо турмуштун негизи, субстанционалдык башталмасы. Анын универсалдуулугу таланттуу, жөндөмдүү, акылдуу, сезимтал, жароокер адамды жаратуучу күчкө ээ экенинен көрүнөт. Эмгекти жашоонун маңызы жана болмуштун алгачкы керектөөсү катары түшүнгөн адам гана өзүнүн ишмердүүлүгүн, ошондой эле коомдук эмгекти жогорку баалуулук катары кабылдайт.

Калыгулдун ырларында достук сезиминин маңызы терең ачылат. Мында чыныгы достукка негизделген адамдардын пикир алмашуусу баарыдан мурда өз ара адеп-ахлактык канааттанууну алып келет. Достукка

байланыштуу көтөрүңкү маанай, берешендикти, берилгендикти, сыйлоону шарттайт. Достук мамиле адам үчүн өтө катаал кырдаалда өзгөчө даана көрүнөт. Адамдардын өз ара мамилелеринен жаралган чыныгы достук – бул изгиликти, жакшылыкты жараткан баалуулук. Тескерисинче, жалганчылыкка, эсептешүүгө негизделген достук – бул акыры түбү жаманчылыкты алып келет.

Акындын пикирине ылайык, бакыт өзгөрмөлүү, ал адамдын асмандагы менен жердегинин, рухий менен дененин шайкештигин издөөдөгү түбөлүк канааттанбай келген жете алгыс кыялдары катары көрүнөт. Ошону менен бирге ойчул бакыт проблемасын элдин таламдарын көздөп, белгилүү бир тарыхый шарттар менен байланышта караган. Ал эл бактылуу болмоюн жеке адам бактылуу боло албайт деген гумандуу ойду карманган. Башкача айтканда, Калыгулдун көз карашына ылайык, элдин жыргалчылыгы жогорку жыргалчылык, нравалуулуктун чен-өлчөмү, критерийи болуп эсептелет жана ар кандай эле чыныгы ыймандуу адам өзү бактылуу болуудан мурда элинин бактысы үчүн күрөшүүсү зарыл.

Калыгул адамдардын өз ара мамилелериндеги ак-ниеттикти, чындыкты жана берилгендикти жогору баалаган. Ал бул түшүнүктөргө карама-каршы келген менменсинүүнү, пастыкты, эки жүздүүлүктү сындаган. Чындык, ак ниеттик, берилгендик сыяктуу изги сапаттар бардык жерде, б.а. жамаатта, үй-бүлөдө, жолдоштор арасында өкүм сүрүшүн каалаган. Башка бирөөгө куру убада бербөөнү, өкүмдүк менен мамиле жасабоону өтүнгөн. Адеп-ахлактуу, билимдүү адам дайыма жөнөкөй болоорун, жокко кейибей, болгонго топук кылып жашаарын эскерткен. Пейли тар адам чектелүү жашоого кабылаарын айткан.

**“Калыгулдун чыгармаларындагы эстетикалык баалуулуктар”** деген үчүнчү параграфта акындын эстетикалык нуктагы ойлору жана идеялары талдоодон өткөн.

Көркөм чыгармачылыкта табигатка жана адамга байланыштуу кубулуштарды эмоционалдык жактан кабылдоонун чагылдырылышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ошол эле учурда көркөм чыгармачылыкта чагылган кабылдоонун өзгөчөлүктөрү жалпыланат. Ушул жагдайды эске алуу менен биз жалпылоочу көркөм идея менен эстетикалык ой-пикирдин өтө тыгыз өз ара мамилесин жана бири-бирине чырмалганын толук негизде айтсак болот. Тактап айтканда, акындардын чыгармаларынын рационалдык–эстетикалык мазмуну, жалпылоо деңгээли жана ырааттуулугу боюнча профессионалдык эстетикалык эмгектердин деңгээлинен бир топ эле алыс болгондугуна карабастан, анда эстетикалык аң-сезимдин жана көркөм кабылдоолордун өнүгүшү менен катар эле, жалпыланган эстетикалык ой-пикирдин түйүлдүгү да пайда болгон.

Калыгулдун эстетикалык табитинин, кабылдоосунун, көз карашынын биримдиги көркөм ой жүгүртүүгө, андан акындык чыгармачылык аркылуу көркөм поэзияга айланып, акылмандын көп кырдуу ишмердүүлүгүн айгинелеп турат. Акын өзү туйган, кабылдаган образдуулуктарды көркөм

чыгармага айландырып гана тим болбостон, ошондой эле табигыйлуулукту жана анын диалектикасын аң-сезимдин жогорку ченинде таануу менен философиялык-эстетикалык идеяларды, ойлорду жаратат.

Калыгул үчүн сулуулук жана көркөмдүк-табиятка, адамга, адамдар ортосундагы мамилеге мүнөздүү сапат. Бул түшүнүктөр эстетикалык баалуулук аркылуу нерселердин, жашоонун деңгээлин аныкташат жана мүнөздөшөт. Пайдалуу нерсе дайыма кооз, ал эми кооздук дайыма пайдалуу. Чындык менен көркөмдүк да ушундай эле байланышта болот. Дүйнөнүн кубулуштарын ушундай шайкеш түрдө кабылдоо жашоо-турмушта туура багыт алууга жол ачат, жандуу жана жансыз жаратылыш менен ысык мамиледе болууга түрткү берет. Акындын чыгармалары айгинелеп тургандай, шайкештик симметрия, ыргактуу уюшкандык, бүтүндүк, тең салмактуулук ж.б. принциптер ойчул үчүн табиятта да, адамдардын иш аракетинде да бирдей эле болгон. Башкача айтканда, анын эстетикалык толгонуулары буюмдар менен кубулуштардын сапаттарын түздөн-түз кабылдоого негизделген.

Калыгул үчүн эмне реалдуу болсо, ал – сулуулук, ал эми эмне сулуу болсо, ал реалдуулукту түшүндүрөт. Ушундан улам кубулуштарды сүрөттөөгө жасалган аракет, турмуш чындыгын издөө акындын чыгармаларына мүнөздүү көрүнүш болуп эсептелет. Ал чыныгы элдик акын катары өзүнүн алдына табияттын жана коомдук турмуштун кубулуштарын өз чыгармаларында реалдуу чагылдыруу максатын койгон. Тактап айтканда, эстетикалык баалуулуктар тууралуу анын ой жүгүртүүсүнүн башаты реалдуу кубулуштардан, турмуштук жагдайлардан келип чыгат.

Акын адамдын көз жоосун алган, адамдардагы сезимди козгогон жана жакшылыкка карай үмүт отун жандырган жаратылыштын жана коомдун кубулуштарын, көрүнүштөрүн ырдаган. Ал ааламдагы бардык эле кооздукка, чыныгы, жасалма эместикке реалдуу баа берүүгө жөндөмдүү эле болбостон, ошондой эле адамдар баш ийип келген көптөгөн нерселер менен кубулуштардын мыйзамдуу көрүнүш экендигин жакшы түшүнгөн.

Табигаттын аң-сезимге көз карандысыз, өз алдынча мыйзамдуулукка ээ экендигин таанып билүүнү акындын эстетикалык көз карашынын негизи катары кароого болот. Акындын чыгармаларында жаратылышты өзгөртүп түзүүчүлүккө, анын үстүнөн үстөмдүк кылуучулукка үндөгөн идеялар жокко эсе. Мунун тескерисинче, Калыгул үчүн жаратылыш ыйыктык катары бааланып, адамзат жашоосу үчүн түгөнбөгөн материалдык баалуулук болуп саналат. Мына ошондуктан анын чыгармаларында жаратылыш көрүнүштөрү, түрдүү кубулуштары, жер, суулар, мезгил жана убакыт, аалам бүтүндүгүнүн бөлүкчөлөрү, процесстери жалпы өнүгүүнүн негизи катары эсептелип, адам баласынын жашоо тиричилигиндеги эң маанилүү шарты, кооздугу, сулуулугу, баалуулугу катары берилет. Башкача айтканда, Калыгул кооздуктун, сулуулуктун объективдүү булагын курчап турган чөйрөнүн формасы менен касиеттеринин ар түрдүүлүгүнөн, түстөр менен боёктордун

көп түрдүү айкалышынан, үндөрдүн гармониясынан, нерселердин бөлүктөрүнүн симметриялык жайгашуусунан көргөн.

Калыгулдун эстетикалык кабылдоосунда адам сулуулугу менен табигат коздугунун ортосунда эквиваленттүүлүк жатат. Ал тургай жаратылыш көрүнүштөрү, кубулуштары дүйнөдөгү бардык асылдыктардын жетишкендиги катары бааланат. Ушундан улам адамдардын сулуулугун көркөм чыгарма аркылуу сүрөттөөдө акын үчүн жаратылыш коздуктары жана берекеси эстетикалык парадигма болуп саналат. Бул учурда коздук менен сулуулуктун айкалышы, жаратылыш менен адамдардын ортосундагы образдуулук табигыйлуулуктун ченинде салыштырылып сүрөттөлөт.

Калыгул өзүнүн ырларында адам жашоосунун сулуулугун анын бүтүндөй оң жана терс жактары менен кошо айтат. Мында сулуулук катары табияттын жана адамдын өнүгүүдөгү, кыймылдагы жана иш аракеттеги касиеттери менен сапаттары эсептелет. Акын үчүн өзүнүн табигый сапатын жоготкон, мазмунунан ажырагандар сулуулукка жатпайт.

Адамдардын сырткы келбети дайыма Калыгулдун эстетикалык кабылдоо булактарынын бири болгон. Акын адамдын сырткы көрүнүшүнүн сулуулугун көрсөтүү үчүн өтө ачык поэтикалык боёкторду жана так образдуу салыштырууларды колдонгон. Мында табияттын коздугу менен катар эле адамдардын сырткы келбети да сулуулукка жатаары ишенимдүү берилет. Адам баарыдан мурда өзүнүн дене түзүлүшү жана сырткы көрүнүшү менен сулуу.

Дегенибиз менен, көркөмдүк маселеси идеалдуулук менен бирдикте каралат. Эстетикалык идеал – бул сулуулук менен сонундук тууралуу элестөө. Мындай элестөө турмуштун бир гана жагын камтыбастан, адамдардын социалдык жана руханий турмушуна эмне байланыштуу болсо, мына ошонун баарын өз ичине камтыйт. Эстетикалык идеал көркөмдүктүн көркөм модели гана болбостон, универсалдуу модели да болуп саналат.

Калыгулдун көз карашында сулуулук – бул адамдын сырткы көрүнүшүнүн анын ички сапаттары менен шайкеш келиши. Качан гана адамдын сырткы келбети анын ички дүйнөсүнө төп келгенде гана ал чыныгы сулуу болуп эсептелет. Ушундан улам акындын ырларында адамдардын сырткы келбетине, сулуулугуна анчалык басым жасалбайт, алардын жан-дүйнөсүнө, руханий маданиятына, билимине өзгөчө көңүл бөлүнөт. Калыгул сырткы сулуулукту адилеттүүлүктү, боорукердикти, билимдүүлүктү, маданияттуулукту, мекенчилдикти ж.б. сапаттарды туюнтуучу ички мазмундан так ажыраткан.

**Корутундуда** төмөнкүдөй жалпы жыйынтыктар чыгарылган:

1. Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч жана Молдо Нияздын чыгармаларын тарыхый философиялык жактан талдоо боюнча маанилүү иштер аткарылды. Акындардын дүйнө таанымынын айрым аспектилери жана алардын кыргыз элинин социалдык-философиялык ойлорунун өнүгүшүнө кошкон салымдары объективдүү иликтенди. Бирок бул эмгектерде Калыгул, Арстанбек сыяктуу акылман акындарыбыздын мурастарындагы терең

философиялык ойлор өз алдынча диссертациялык деңгээлде изилденген эмес. Башкача айтканда, кыргыз элинин философиялык ой-чабытынын өнүгүү контекстинде Калыгул, Арстанбектин философиялык жана коомдук-саясий көз карашатары терең жана ар тараптуу илимий кароодон өтө элек. Деген менен, акындардын чыгармалары ааламдын, коомдун кубулуштарын туура аңдап билүүгө багытталган терең ойлорго өзгөчө бай. Демек, бул проблема кечиктирилгис тарыхый-философиялык изилдөөнүн объектисине айланышы керек.

2. Философиялык көз караш ар дайым бирдиктүү системада, логикалык-методологиялык формада гана берилбестен, айрым учурда жаратылыш менен коомдун кубулуштарын руханий-практикалык таанып-билүү нугунда да өнүккөн. Башкача айтканда, өзүлөрүнүн дүйнө таануучулук көз караштарын адамдар ар кандай ыкмалар менен билдиришкен. Философиялык ойлорду көркөм адабият аркылуу билдирүү ошондой ыкмалардын бири болуп эсептелет. Ал эми көркөм адабияттагы философиялык ойлорду изилдөө белгилүү тарыхый мезгилдеги философиялык аң-сезимдин мүнөзүн, өзгөчөлүгүн жана алардын социалдык жашоодогу ролун аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт.

3. Россиянын Кыргызстанга жасаган саясаты бир жагынан реакциячыл, басып алуучулук мүнөзгө ээ болсо, экинчи жагынан өзүнүн саясий, социалдык-экономикалык, маданий натыйжалары менен кыргыз коомунда белгилүү бир өлчөмдө прогрессивдүү мааниге ээ болгон. Заманчыл-акындардын коомдук көз караштары, дүйнө таанымдары мына ушул жагдайлардын түздөн-түз туундусу. Ал эми алардын өткөндү эңсеп кайрылуулары көп жагынан объективдүү мүнөзгө ээ болгон жана бул ошол мезгилдеги кыргыз коомунда өкүм сүргөн таптык мүнөзгө, социалдык теңсиздикке, адилетсиздикке карата адамдардын рухий жактан каршы чыгууларынын натыйжасы болгон.

4. Дин адамзатты тынчсыздандырып келген татаал маселелерден, коомдо жүрүп жаткан процесстерден таптакыр эле бөлүнүп кетпегени тарыхтан белгилүү. Жашоодогу муктаждыктар ар дайым диндин иш-аракеттеринин ажырагыс бир компоненти болуп келген. Динде иллюзиялуу, фантастикалуу ойлор менен катар, адамдардын таламдары да өзгөчө формада туюнтулган. Анын аксиологиялык, психологиялык, коммуникативдик, интегративдик, дүйнө таануучулук өңдүү функциялары белгилүү тарыхый доордо позитивдүү элементтерге ээ болгон. Ошондуктан мусулман дининин духунда тарбия көргөн Калыгул, Арстанбек жана Молдо Кылычтын өз мезгилиндеги коомдогу терс көрүнүштөрдү уруулук моралдын негизинен гана эмес, ошондой эле диний өңүттөн да сынга алышы мыйзам ченемдүү көрүнүш.

5. Калыгул табияттын жана коомдун кубулуштарын, бөтөнчө XIX кылымда кыргыз коому башынан кечирген тарыхый окуялардын себеп-натыйжасын негизинен объективдүү түшүнүп-билүүгө жана жыйынтык чыгарууга аракет жасаган. Анын философиялык ой-пикири илимий-

теориялык концепциялар формасында эмес, көркөм чыгарма каражаты аркылуу берилүүчү практикалык мааниге ээ. Акылмандын онтологиялык – гносеологиялык, натурфилософиялык маанайдагы дүйнө түшүнүүлөрү акылмандын коомдогу реалдуулукту позитивдүү өздөштүрүшүнө идеялык база болгон.

6. Калыгулдун социалдык-саясий көз карашы өзүнүн конкреттүүлүгү, реалдуулугу, эскиден калган патриархалдык-уруулук мамилелерди жоюуга умтулуусу менен айырмаланат. Ал ошол тарыхый мезгилдеги кыргыз коомундагы социалдык теңсиздикти сынга алган. Калыгулдун орус мамилесине байланыштуу пикири бир тараптуулукту туюнтпайт. Акын бир жагынан, падышалык Россиянын колониялдык саясаты ишке ашырган айрым иш чараларды сындап, кыргыз коомунан улам алыстаган өткөн мезгилдин жакшы жактарын сактап калууну талап кылган. Экинчи жагынан, ойчул келгин орустардын жергиликтүү элге кийирген мыкты эмгек көнүмдөрүн, экономикалык жаңылыктарын, маданий жетишкендиктерин адилет баалаган.

7. Даанышмандын этикалык багыттагы ойлору ыраттуу мүнөздө болгон эмес. Алар көбүнчө диний түскө ээ болуп, моралдык категориялардын так системасын өзүнө камтыган мораль жөнүндө бир бүтүн максаттуу окууну элестете албайт. Ошого карабастан акындын этикалык идеялары адамдарды терс кылык-жоруктардан арылтууга жана адеп-ахлактуулукка багыттоо максатын көздөгөн. Ал патриархалдык-уруулук коомдо акыл-насаат, кеп-кеңеш айтуу, үйрөтүп-жол көрсөтүү адамдардын адеп-ахлактык жактан жетилиши үчүн ыкма экенин сезип билген.

8. Калыгулдун эстетикалык көз карашында көркөмдүк жаратылыштын, коомдун кубулуштарын эстетикалык жактан кабылдоодогу негизги проблема катары эсептелет. Акын үчүн көркөмдүк жана сулуулук – бул табиятка, коомго адамдар ортосундагы мамилелерге мүнөздүү реалдуу маңыз. Ушундан улам акылмандын чыгармачылыгынын негизги милдети болуп кубулуштарды, көрүнүштөрдү оң жана терс жактары менен кошо туура чагылдыруу эсептелген. Калыгул адамдын тышкы келбети анын ички инсандык сапаттарына дал келишин “сулуулук” деп эсептейт. Ага эмне реалдуу болсо, ошол – сулуулук, ал эми эмне сулуу болсо, ошол– реалдуулук.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөндөгү макалаларда чагылдырылды:**

1. Абжалов, Т. Вопросы семейного воспитания в пословицах и поговорках [Текст] / Т. Абжалов // Проблемы и перспективы развития педагогического образования в современных условиях: материалы международной конференции. – Бишкек, 1997. – Т.2. -92-97 б.

2. Абжалов, Т. Философские идеи Калыгула [Текст] / Т. Абжалов // Современность: мир мнений: философский альманах. – Алматы, 2011. - №1. - 41-44 б.

3. Абжалов, Т. Социально-философские взгляды Калыгула [Текст] / Т. Абжалов // Известия Ошского технологического университета. – 2011. - №1. - 36-38 б.

4. Абжалов, Т. Мировоззрение Калыгула [Текст] / Т. Абжалов // Известия ВУЗов. –2011. - №2. - 151-152 б.

5. Абжалов, Т. Калыгулдун чыгармаларынын этикалык аспектилери [Текст] / Т. Абжалов // Вестник Института философии и политико-правовых исследований. – 2011. - №2. - 17-18 б.

6. Абжалов, Т. Калыгулдун коомдук-саясий көз караштары [Текст] / Т. Абжалов // Вестник Института философии и политико-правовых исследований. – 2011. - №3. - 18-19 б.

7. Абжалов, Т. Калыгулдун нравалык-этикалык жана эстетикалык идеялары [Текст] / Т. Абжалов // Наука и новые технологии. – 2011. - №3. - 193-195 б.

8. Абжалов, Т. Калыгулдун чыгармаларынын эстетикалык маңызы [Текст] / Т. Абжалов // Вестник Ошского государственного университета. – 2011. - №3. - 121-123 б.

9. Абжалов, Т. Калыгулдун чыгармаларынын протофилософиялык маңызы [Текст] / Т. Абжалов // Гуманитарные проблемы современности: научные труды молодых ученых. – 2011. – Вып. 13. - 20-23 б.

**Абжалов Турсунмаматтын 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган “Калыгулдун дүйнө таанымына философиялык анализ” аттуу диссертациясынын**

## Р Е З Ю М Е С И


**Түйүндүү сөздөр:** дүйнө тааным, кубулуш, натурфилософия, ойлом, өнүгүү, адеп-ахлак, көрктүүлүк, табият, маңыз.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** болуп Калыгулдун натурфилософиялык, социалдык-саясий, этикалык жана эстетикалык ойлору эсептелет.

**Изилдөө методдору жана аппаратура** Диссертациянын теориялык жана методологиялык негизин диалектикалык логиканын универсалдуу принциптери (жалпы байланыш, өнүгүү, системалуулук, карама-каршылык, тарыхыйлуулук ж.б.), жалпы логикалык методдор (анализ жана синтез, абстрактуулуктан конкреттүүлүккө өтүү, тарыхыйлуулук жана логикалык) түздү. Эмгекте философиянын тарыхына байланыштуу концептуалдуу көз караштар, кыргыз философиясына байланыштуу теориялык жоболор кеңири пайдаланылды.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын жаңылуулугу.** Калыгулдун натурфилософиялык, саясий-социалдык, этикалык жана эстетикалык идеяларын концептуалдуу тарыхый-философиялык талдоонун негизинде келип чыккан диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары жана жоболору жаңычыл мүнөзгө ээ болуу менен, акындын дүйнө таанымын изилдөөгө кошкон изденүүчүнүн жеке салымы катары эсептелет. Диссертацияда алгачкы жолу Калыгулдун социалдык-саясий ойлорунун табияты жана мааниси, этикалык нуктагы ойлору жана эстетикалык баалуулуктары комплекстүү изилденген.

**Колдонуу боюнча сунуштар.** Диссертациялык иштин негизги теориялык жоболорун XIX кылымдагы кыргыз элинин философиялык ойлорун мындан аркы изилдөөдө, алардын өзгөчөлүгүн терең түшүнүүдө, өнүгүшүнүн негизги аспектилерин аныктоодо жана жалпы эле рухий баалуулуктардын ырааттуулугундагы рационалдуу ойлорду ачып көрсөтүүдө кеңири колдонууга болот.

**Колдонулуучу тармактар.** Изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын руханий жашоосунун азыркы кездеги мазмунун, багытын байытууга, окуу-билим процессине, үгүттөө-жайылтуу ишмердүүлүгүнө жана жаш муундарды тарбиялоого өз салымын кошмокчу.

# Р Е З Ю М Е


**диссертации АбжаловаТурсунмамата «Философский анализ мировоззрения Калыгула», представленной на соискание учёной степени кандидата философских наук по специальности 09.00.03 - история философии**

**Ключевые слова:** мировоззрение, явление, натурфилософия, мысль, развитие, нравственность, прекрасное, природа, содержание.

**Объектом диссертационного исследования** являются натурфилософские, социально-политические, этические и эстетические мысли Калыгула.

**Методы и аппаратура исследования.** Теоретические и методологические основы диссертации составили универсальные принципы диалектической логики (общая связь, развитие, системность, противоречие, историзм и др.), и общие логические методы (анализ и синтез, восхождение от абстрактного к конкретному, историческое и логическое). В работе широко использованы концептуальные взгляды по истории философии, теоретические положения, которые касаются философской мысли кыргызского народа.

**Полученные результаты и их новизна.** Основные научные результаты и положения диссертации, полученные на основе концептуального историко-философского исследования натурфилософских, социально-политических, этических и эстетических идей Калыгула являются личным вкладом исследователя. В диссертации впервые были исследованы природа и значение социально-политических мыслей, этические идеи и эстетические ценности Калыгула.

**Рекомендации по использованию.** Основные теоретические положения диссертационной работы могут быть использованы в дальнейшем исследовании философской мысли кыргызского народа в XIX веке, в понимании их особенностей и выявлении основных аспектов их развития, в определении рациональных идей в структуре духовных ценностей.

**Область применения.** Результаты исследования могут найти применение в обогащении духовной жизни Кыргызстана, учебно-образовательном процессе, агитационно-пропагандистской деятельности и воспитании подрастающего поколения.

**R E S U M E**

**dissertation of Abzhalov Tursunmamat "Philosophical analysis worldview of Kalygul", presented for the degree of candidate of philosophical sciences on specialty 09.00.03 – History of philosophy**

**Keywords:** worldview, a phenomenon, natural philosophy, idea, development, morality, beauty, nature, content.

**The object of the dissertation research is** a natural-philosophical, social, political, ethical and aesthetic thought Kalygul.

**Methods and facility of researches.** Theoretical and methodological foundations of the dissertation make the universal principles of dialectical logic (general communication, development, consistency, contradiction, historicism and etc.), and general logical methods (analysis and synthesis, the ascent from the abstract to the concrete, historical and logical). In the work widely used conceptual views on the history of philosophy, theoretical propositions that relate to the philosophical thought of Kyrgyz people.

**Results and their novelty.** The main scientific results and the provisions of the dissertation, derived from the concept of historical and philosophical study of natural philosophy, socio-political, ethical and aesthetic ideas of Kalygul are personal contribution of the researcher. In this dissertation were first investigated the nature and importance of socio- political thought, the idea of ethical and aesthetic values of Kalygul.

**Recommendations for the use.** Basic theoretical concepts of the dissertation can be used in further study of philosophical thought of Kyrgyz people in the nineteenth century, in the understanding of their characteristics and to identify key aspects of their development, in determining of rational ideas in the structure of spiritual values.

**Field of application.** The results can be used to enrich the spiritual life of Kyrgyzstan, in the teaching-learning process, agitation-advocacy activity and education of the younger generation.